1

" ИСКУССТВО ЭЛГЕ ТААНДЫК"

(В.И.ЛЕНИН).

С О В Е Т Т Е Р   С О Ю З У Н У Н   Э Л
А Р Т И С Т К А С Ы   Ж О Л .   Б А К Е Н
К Ы Д Ы К Е Е В Н А   К Ы Д Ы К Е Е В А Г А !

У Р М А Т Т У У   Ж О Л.   Б. К Ы Д Ы К Е Е В Н А !

БУТКУЛ СОВЕТ ЭЛИНДЕЙ ЭЛЕ,БИЗДИН АЛАЙ РАЙОНУНУН КАРАПАЙЫМ ЭМГЕКЧИЛЕРИ ДА СИЗДИ СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН ЭЛ АРТИСТКАСЫ,РЕСПУБЛИКАДАГЫ ТЕАТР ТУРМУШУНУН ЖЫЛДЫЗЫ КАТАРЫ ЖАКШЫ БИЛИШЕТ.

СИЗ,КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК МАДАНИЯТЫН ЖОГОРУЛАТУУГА ЖЕКЕ ӨЗУНУЗ ЭБЕГЕЙСИЗ ЗОР САЛЫМ КОШУУ МЕНЕН БИРГЕ,РЕСПУБЛИКАНЫН БУЛУН-БУРЧТАРЫНДАГЫ ШАЙЫР-ТАЛАНТТУУ ЖАШТАРДЫН ИШИНЕ БАГЫТ БЕРУУДО ДА ТАЛЫКПАСТАН ЭМГЕКТЕНИП ЖАТАСЫЗ.

ДРМАТУРГ М.ЖАКЫПОВДУН "ТООДОГУ ЧЫЙЫРЛАР" АТТУУ КОП АКТЫЛУУ ДРАМАСЫН САХНАГА ЧЫГАРУУДА БИЗДИН РАЙОНДУН ЭЛДИК ТЕАТРЫНЫН КОЛЛЕКТИВИНЕ ПРАКТИКАЛЫК ЧОН ЖАРДАМДАРДЫ КОРСОТТУНУЗ.

КЫРГЫЗСТАН КП АЛАЙ РАЙКОМУ МЕНЕН ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН РАЙОНДУК СОВЕТИНИН АТКАРУУ КОМИТЕТИ БИЗДИН РАЙОНДУН ЭЛДИК ТЕАТРЫНА КОРГОН КАМКОРДУГУНУЗ ,КОНКРЕТТУУ СУНУШТАРЫНЫЗ УЧУН ЧЫН ЖУРОКТОН ЫРААЗЫЛЫКТАРЫН БИЛДИРУУ МЕНЕН,МЫНДАН АРЫ ИШИНИЗГЕ ЗАЛКАР ИЙГИЛИК,ОЗУНУЗГО ЧЫН ДЕН-СООЛУК КААЛАЙТ.

КЫРГЫЗСТАН КП АЛАЙ
РАЙКОМУНУН СЕКРЕТАРЫ :-

Дж.АМАНБАЕВ.

ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН АЛАЙ
РАЙОНДУК СОВЕТИНИН АТКАРУУ
КОМИТЕТИНИН ПРЕДСЕДАТЕЛИ:-

Б.ОСМОНОВ.

3

КЫМБАТТУУ БАКЕН КЫДЫКЕЕВНА!

АЛЫСКЫ АСМАН ТИРЕГЕН,АК БУЛУТУ БОЗ ҮЙЛӨРГӨ ТҮНӨГӨН ТОО АРАСЫНДАГЫ МАДАНИЯТ КЫЗМАТКЕРЛЕРИ МЕНЕН ТЯНЬ=ШАНЬ МУЗЫКАЛЫК ДРАМА ТЕАТРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОЛЛЕКТИВИНИН АТЫНАН СИЗДИ 50 ЖАШКА ТОЛГОНДУГУҢУЗ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫҢЫЗДЫН 36 ЖЫЛДЫГЫ МЕНЕН ЧЫН ЖҮРӨКТӨН КУТТУКТАЙБЫЗ.

СИЗ, БАКЕН КЫДЫКЕЕВНА, РЕСПУБЛИКАБЫЗ ӨЗҮНҮН ЭЛҮҮ ЖЫЛДЫК ЮБИЛЕЙИНЕ ДАЯРДЫК КӨРҮП ЖАТКАН КЫРДААЛДА ЭР ОРТОНУ ЭЛҮҮГӨ ТОЛДУҢУЗ. ӨЗҮҢҮЗДҮН АЙКӨЛ ТАЛАНТЫҢЫЗ, СҮЙКҮМДҮҮ АДАМКЕРЧИЛИГИҢИЗ МЕНЕН ИСКУССТВО ЧОЛПОНДОРУНУН БИРИ КАТАРЫ КАРТ ТАРЫХКА ИЗ КАЛТЫРДЫҢЫЗ. ДЕЗДЕМОНА МЕНЕН АЙГАНЫШТЫН, ГҮЛАЙЫМ МЕНЕН АННАНЫН ОБРАЗДАРЫ СИЗГЕ МЫНДАН АРЫ ДА ШЫГЫҢЫЗГА ШЫК КОШУП, ТООЛУК ЭЛДИ ТОЛКУТА БЕРИҢИЗ.

КАРТ ТЯНЬ=ШАНДЫН МАЛЧЫЛАРЫ МЕНЕН ДЫЙКАНДАРЫ, МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО КЫЗМАТКЕРЛЕРИ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЖАЛПЫ ЭЛИ СИЗГЕ ТЕНТЕК НАРЫНДАЙ УЗУН ӨМҮР, НЕЧЕН КЫЛЫМДАРГА КҮБӨ БОЛГОН АСКАЛАРДАЙ БЕКЕМ ДЕН СООЛУКТУ, СҮРДҮҮ ДОЛОНДОЙ БОЛГОН АСЫЛ БИЙИКТИКТИ КААЛАЙТ.

НАРЫН ОБЛАСТТЫК МАДАНИЯТ БАШКАРМАСЫ.

ТЯНЬ=ШАНЬ МУЗЫКАЛУУ ДРАМА ТЕАТРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ТОБУ.